## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2014-жылдын июль айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн. МКОнун жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 52,3 пайызга төмөндөө менен 190,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык МКОлор гана сунушталган. Жыйынтыгында, рыноктун катышуучулар тарабынан 210,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 48,1 пайызга төмөн. Сатуу көлөмүнүн ушул сыяктуу төмөндөөсү – коммерциялык банктар тарабынан кызыгуусунун бир аз төмөндөөсүнүн натыйжасы. Суроо-талап көлөмү 321,0 млн. сомду түзгөн (-33,4 пайыз). Мында, канааттандырарлык суроо-талаптын деңгээли 18,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 65,4 пайызды түзгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 14,8 пайыз өлчөмдө түптөлгөн.

**2-график.** МКОнун суроо-талабынын жана сунушуунун коломдорунун жана кирешелуугунун динамикасы




Жүгүртүүдөгү МКО көлөмү ай ичинде 7,1 млрд. сомго чейин бир аз төмөндөгөн (-0,1 пайыз). Мында, негизги ээлик кылуучулар – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 1,2 пайыздык пунктка (53,6 пайызга чейин) төмөндөөсү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы, тескерисинче 1,2 пайыздык пунктка көбөйүп, 46,3 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин

салыштырма салмагы мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлде сакталган. Резидент эместер байкоого алынган мезгил ичинде аталган баалуу кагаздарды сатып алган эмес.

Айдын жыйынтыктары боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,30 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Июль'2013 | 5,728,700.0 | 2,796,903.1 | 48.8% | 2,928,594.7 | 51.1% | 3,160.2 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Август | 5,598,700.0 | 2,838,031.9 | 50.7% | 2,757,465.9 | 49.3% | 3,160.2 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Сентябрь | 5,720,480.0 | 3,012,511.9 | 52.7% | 2,704,765.9 | 47.3% | 3,160.2 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Октябрь | 5,437,480.0 | 2,627,076.6 | 48.3% | 2,717,403.4 | 50.0% | 3,000.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Ноябрь | 5,318,580.0 | 2,635,176.6 | 49.5% | 2,588,703.4 | 48.7% | 4,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Декабрь | 5,740,680.0 | 3,431,385.9 | 59.8% | 2,214,594.1 | 38.6% | 4,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Январь'2014 | 5,785,280.0 | 3,374,033.5 | 58.3% | 2,315,546.5 | 40.0% | 5,700.0 | 0.1% | 90,000.0 | 1.6% |
| Февраль | 5,425,380.0 | 3,047,712.1 | 56.2% | 2,371,967.9 | 43.7% | 5,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Март | 5,916,280.0 | 3,073,612.1 | 52.0% | 2,836,967.9 | 48.0% | 5,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Апрель | 6,404,580.0 | 2,939,877.8 | 45.9% | 3,459,002.2 | 54.0% | 5,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Май | 6,826,480.0 | 3,161,885.4 | 46.3% | 3,658,894.6 | 53.6% | 5,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| Июнь | 7,081,360.0 | 3,195,535.4 | 45.1% | 3,880,124.6 | 54.8% | 5,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |
| July | 7,071,350.0 | 3,275,785.4 | 46.3% | 3,788,864.6 | 53.6% | 6,700.0 | 0.1% | 0 | 0.0% |

[1] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.